«БЕКИТЕМИН»

ОшМУнун коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору Н.А.Мапаева

_______________

"08" сентябрь 2025-жыл

**«ОшМУнун Ыктыярчылар клубу» жөнүндө ЖОБО**

ОшМУнун Ыктыярчылар клубу - маданий массалык бөлүмдүн ичинде коомдук, маданий, социалдык, билим берүү жана гуманитардык багыттагы ыктыярчылык ишмердүүлүктү жүргүзгөн студенттик уюм.

**Ыктыярчы деген ким?**

1.1. **Ыктыярчы** – бул эч кандай акы же сыйлык күтпөстөн,

коомго, адамдарга же иш-чараларга өз каалоосу менен жардам берген адам. Ал жоопкерчиликтүү, боорукер жана активдүү жаран.

1.2. Клуб ОшМУнун маданий-массалык бөлүмүнүн алдында иш алып барат жана университеттин ички тартип эрежелерине таянат.

1.3. Клубдун иши ыктыярдуулук, жоопкерчилик, демилгелүүлүк жана ачык-айкындык принциптерине негизделет.

**Максаты:**

- Студенттердин социалдык активдүүлүгүн жогорулатуу
- Лидерлик сапатка ээ кылуу жоопкерчилик көндүмдөрүн өнүктүрүү

***Негизги милдеттер:***

- Окуу жайда жана шаарда иш-чараларга активдүү катышуу
- Кайрымдуулук жана социалдык акциялар
- Ыктыярчыларды окутуу жана тренингдерди өткөрүү

***Кимдер мүчө боло алат:***

- Университеттеги бардык студенттер үчүн ачык
- Анкета + маектешүү
- Мүчөлөрдүн укуктары: катышуу, сунуш берүү

- Мүчөлөрдүн милдеттери: жоопкерчилик, тартип, активдүүлүк

***Ишмердүүлүктүн негизги багыттары***

- Социалдык: кайрымдуулук, балдар үйлөрүнө жардам
- Маданий: концерт, фестиваль, иш-чараларды уюштуруу
- Экологиялык: тазалык акциясы, көчөт отургузуу
- Билим берүү: тренинг, семинар, окуу программалары
- Университеттик иш-чараларды колдоо

***Мүчөлөрдүн укуктары:***

- Иш-чараларга катышуу
- Демилгелерди сунуштоо
- Сертификаттарга ээ болуу

***Мүчөлөрдүн милдеттери:***

- Иш-чараларда жоопкерчилик менен катышуу
- Клубдун эрежелерин сактоо
- Университеттин кадыр-баркын коргоо

***Түзүмү:***

- Ыктыярчылар клубунун уюштуруучусу
- Координаторлор (маданий, социалдык, окуу, медиа)
- Катышуучулар (ыктыярчылар)

***Сыйлыктар жана мотивация:***

- Активдүү мүчөлөргө ыраазычылык кат, диплом жана сыйлыктар тапшырылат.
- Жылдын мыкты ыктыярчысы, мыкты координатору сыйланат.

***Клубдун баалуулуктары:***

- Ыктыярдуулук
- Жоопкерчилик
- Боорукерлик
- Командада иштөө
- Коомго кызмат кылуу

***ОшМУ Ыктыярчылар клубунун негизги багыттары:***

***1. Иш-чаралар багыты***

– Университеттик жана шаардык деңгээлдеги иш-чараларды уюштуруу;

– Көпчүлүккө арналган социалдык, маданий, спорттук долбоорлорду өткөрүү;

– Мурдагы тажрыйбаларды үйрөнүп, жаңы форматтагы активдүүлүктөрдү түзүү;

– Команда менен иштөө жана лидерлик көндүмдөрүн өнүктүрүү.

*🌱 2. Экология багыты*

– Шаарды жана кампусту тазалоо акциялары;

– Жашылдандыруу, көчөт отургузуу иш-чаралары;

– Экологиялык маданиятты жайылтуу боюнча кампаниялар;

– Таштандыларды сорттоо жана кайра иштетүүгө багытталган.

***3. PR / SMM багыты***

– Клубдун социалдык тармактарын жүргүзүү;

– Контент даярдоо: фото, видео, пост, сторис;

– Медиа пландаштыруу жана бренд имиджин түзүү;

– Иш-чараларды онлайн чагылдыруу жана маалымат таратуу.

***4. Социалдык демилгелер багыты***

– Мүмкүнчүлүгү чектелген, карылар үйүнө, балдар үйлөрүнө жардам акциялары;

– Саламаттыкты сактоо акциялары;

– Социалдык көйгөйлөр боюнча.

***5. Билим жана өнүгүү багыты***

– Тренингдер, мастер-класстар, семинарлар уюштуруу;

– Студенттерге лидерлик, коммуникация жана команда менен иштөө жөндөмдөрүн үйрөтүү;

– Ыктыярчыларды даярдоо жана алардын потенциалын ачуу.

***6. Окуу-усулдук багыты***

– Клубдун ички документтерин, жол-жоболорун, пландарын түзүү;

– Ыктыярчылар үчүн окуу материалдарын даярдоо;

– Долбоор жазуу жана башкаруу боюнча колдоо көрсөтүү.

***7. Партнёрлук жана долбоорлор багыты***

– Коомдук уюмдар, мектептер, мамлекеттик мекемелер менен кызматташтык;

– Эл аралык жана регионалдык долбоорлорго катышуу;

– Гранттык мүмкүнчүлүктөрдү изилдөө жана сунуштоо.

**Түзгөн : ОшМУнун маданий-массалык бөлүмүнүн тарбиячысы:** **Довурова Муслима**